**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЧҮЙ РАЙОНУ**
**БУРАНА**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**
**БУРАНИНСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Дөң-Арык а. — с.Дон-Арык

Бурана айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги сессиясынын отуруму

**ТОКТОМ**

2023-жыл « 18 » апрель № 15

Жеке турак жай курууга бериле турган бош жер тилкени убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө

Бурана айыл өкмөтүнүн башчысы Тенис уулу Бакайдын Дөң-Арык айылындагы элге жеке турак жай курууга бериле турган бош жер тилкени убактылуу пайдалануу үчүн айылдын жарандарынан түшкөн арыздары боюнча кайрылуусун,сунушун угуп жана талкуулап,Бурана айылдык кеңеши токтом кылат:

**ТОКТОМ**

1. Бурана айыл аймагына караштуу кеңейтүүгө бөлүнгөн Дөң-Арык айылындагы жеке турак жай курууга бериле турган №106 контурунда жайгашкан 10 га бош жер тилкесин, айыл тургундарына убактылуу пайдаланууга түз келишим менен баштапкы баасы 8300(сегиз миң үч жүз)сомдон 2023-жылдын күз айына,башкача айтканда түшүм алып бүткөнгө чейин берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Бурана айыл өкмөтүнүн башчысы Тенис уулу Бакайга милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы агрардык жер маселеси боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М.Эсенбековго жүктөлсүн.

Төрага А.Б.Исагалиев

Таркатуу: көктөмө,М.Эсенбеков,Тенис уулу Бакай - баардыгы 3 нуска